**39/1-тиркеме**

**Эмгек келишимин түзгөнгө**

# НУСКАМА

*(Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 4-августундагы №106 эмгек кодексинин негизинде түзүлдү)*

Эмгек келишими – мектеп менен мугалимдин, же кызматкердин өз ара укугун жана милдеттерин түзгөн келишими катары түзүлөт. Эмгек келишими боюнча мугалим, же кызматкер өзүнө бөлүнгөн жекече аныкталган милдеттерди аткарып, ички эмгек тартибине баш ийет; мектеп жумуш жана нормалдуу эмгек шарты менен камсыздайт.

Эмгек келишиминде сөзсүз түрдө төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:
— мугалимдин, же кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты жана паспорттук маалыматтары;
— фамилиясы, аты, мектеп директорунун атасынын аты жана юридикалык тараптын аталышы, дареги;
— мугалимдин, же кызматкердин ээлеген кызматы жана эмгек милдеттери;
— иштөө жайы – мектептин анык дареги;
— ишти баштоо датасы жана эмгек келишиминин мөөнөтү;
— эмгек акы төлөө шарттары, айлык маянанын, окладдын жана кошумчалардын өлчөмү,
— жумуш убактысынын режими;
-Сыноо мөөнөтү

**Мугалим төмөндөгү милдеттерди аткаруу керек:**
-окуткан сабагы боюнча окутуу материалдарын пландаштырат, жалпы билим берүү программаларын аткарууну жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын базистик дэңгелиндеги талаптарын бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүүнү камсыз кылат, алардын жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн калыптандырып, алган билимдерин тажрыйбалык колдонууга даярдайт;
-усулдук бирикменин иш планында көрсөтүлгөн ачык сабактарды өз убагында жана өз деңгээлинде өткөрүүгө, өз ара сабактарга активдүү катышууга тийиш;

-мектепке тийиштүү документацияны туура жана өз учурунда толтурат;
-педагогикалык кеңештин чогулуштарына, усулдук бирикмелерине ж.б активдүү катышат;
-окуу планынын мектептик компонентин аткарып, сабак боюнча жана башка ийримдерди жетектейт ;

-мектептин ички тартибине баш ийет; (коомдук иштерге, ишембиликтерге катышууга милдеттүү)
-мугалимдик этиканы сактайт;
-мектеп динден сырткары экендигин эске алып мектепке классикалык стилде тыкан кийинип келет;
- технология сабагынан кароо – сынактарга окуучуларды даярдап, катышуусун камсыз кылат, коопсуздугу үчүн жоопкерчиликте болот;
-усулдук докладдарды даярдап, дубал газеталарды өз убагында чыгарып, ар түрдүү декадаларга, семинар-тренингдерге катышууга милдеттүү;
-усулдук бирикменин иш пландарында көрсөтүлгөн иштерге активдүү катышат;
-окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен туруктуу байланышта иш алып барат;
-класстагы окутуу чөйрөнүн абалын байкоо жүргүзүп, класс жетекчисине билдирет;

Scanned by TapScanner

-өзүнүн кесиптик жана дасыктык даярдыгын системдүү жогорулатат,
-сабакта жана класстан тышкары иш-чараларды өткөрүү учурунда бекитилген окуучулардын контингентинин өмүрлөрүн жана ден соолуктарын сактоого персоналдык жоопкерчилик тартат;
-окуучуларга моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү;
-техникалык коопсуздук эрежелерин сактайт.

**Мектеп төмөндөгү милдеттерди аткаруу керек:**
-Өз ишмердүүлүгүн КР «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу» жөнүндөгү Мыйзамдарын КР Эмгек кодексин, билим берүү, тарбиялоо процессин уюштруу боюнча ченемдик-укуктук документтерин жетекчиликке алуу менен жүргүзөт;
-педагогикалык кызматкерлерди кабыл алып, жайгаштырат ;
-бекитилген дасыктык мүнөздөмөлөрүнө жана башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык жалпы билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт;
-жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык персоналын үзүрлүү иштөөгө, алардын чыгармачылык жана илимий –теоретикалык өсүшүнө, педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүгө, кесиптик чеберчилиги жогорулатууга жана кайра даярдоодон өтүүгө шарттарды түзөт;
-ишинде өзгөчө көрсөткүчтөргө жетишкен педагогикалык кызматкерлерди материалдык, моралдык сыйлыктарга көрсөтөт, өзүнүн компетенциясынын чегинде жазаларды колдонот;
-окуучулардын жана педагогикалык жамаатынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт ;
-ички эмгек тартибин, санитардык –гигиеналык талаптардын сакталышын, мектепте техникалык коопсуздук эрежелеринин, өрткө каршы коопсуздук эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөйт;
-педагогикалык персоналдын эмгегин коргоону уюштурат;
-профсоюздун мүчөсү катары эс алуусуна жардам көрсөтөт.
**Мектеп өзгөчө оор иштер жана зыяндуу жумуштар, же кооптуу эмгек шарттары үчүн жеңилдиктерди көрсөтүү жана иш шарттарын камсыз кылуу милдеттери**
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________

**Жумуш убактысынын тартибинин өзгөчөлүктөрү.**
-сааттап иштөө ; -толук эмгек күн; -толук эмгек жума (белгилөө керек)

**Мугалимге – кызмат акы (тарифтик чен )**
айына тарифтин негизинде сом менен белгиленет;
**Мугалимге – негизги** ________________________________**жумуш күн;**
-кошумча 56 (элүү алты) күн эмгек өргүү белгиленет;

**Иштин өзгөчөлүгүнө байланышкан келишимдин башка шарттары**________________________________________
____________________________________________

Scanned by TapScanner